**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН САНАРИПТИК ӨНҮКТҮРҮҮ МИНИСТРЛИГИ**

**МИНИСТЕРСТВО ЦИФРОВОГО РАЗВИТИЯ КЫРГЫЗСКОЙ РЕСПУБЛИКИ**

---

**БУЙРУК**
**ПРИКАЗ**

2024-жылдын 12 сентябрь № 4-д                Бишкек ш.

**Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин системасында коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмектерин бекитүү жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 31-майындагы № 293 “Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө” Кыргыз Республикасынын Мыйзамын ишке ашыруу боюнча айрым чаралар тууралуу” токтомуна ылайык, Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин 2023-жылдын 3-мартындагы № 115 “Мамлекеттик органдарга жана жергиликтүү өз алдынча башкаруунун аткаруучу органдарына Кыргыз Республикасынын Министрлер Кабинетинин айрым ченем жаратуу ыйгарым укуктарын берүү жөнүндө” токтомун, Кыргыз Республикасынын Премьер-министринин 2016-жылдын 18-майындагы № 281 буйругу менен бекитилген Коррупциялык тобокелдиктерди аныктоо, баалоо жана башкаруу боюнча методикалык колдонмону жетекчиликке алуу менен **буйрук кылам:**

1. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин системасындагы коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмеги тиркемеге ылайык бекитилсин.

2. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук бөлүмдөрү, ишканалары жана мекемелери коррупциялык схемаларды ишке ашырууну кыйындаткан тоскоолдуктарды киргизүү максатында эки айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин тиешелүү планын иштеп чыгуу үчүн коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча сунуштарды иштеп чыгып, Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигине киргизишсин.

3. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин басма сөз кызматы үч күндүн ичинде ушул буйрук менен бекитилген тизмекти Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин ведомстволук сайтына жайгаштырсын.

4. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин инспекциялык иштер жана коррупцияны алдын алуу бөлүмүнүн коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча ыйгарым укуктуусу:

- үч айлык мөөнөттө Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин системасындагы коррупциялык тобокелдиктерди башкаруу боюнча план иштеп чыксын жана Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин коррупцияны алдын алуу маселелери боюнча комиссиясынын кароосуна киргизсин.
- ушул буйруктун көчүрмөсүн төмөнкүлөргө жиберсин:
- расмий жарыяланган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Юстиция министрлигине Ченемдик укуктук актылардын мамлекеттик реестрине киргизүү үчүн;
- расмий жарыяланган күндөн тартып үч иш күндүн ичинде Кыргыз Республикасынын Президентинин Администрациясына маалымат үчүн;
- Кыргыз Республикасынын Президентине караштуу Антикоррупциялык ишкердик кеңешине маалымат үчүн.

5. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин 2023-жылдын 4-августундагы № 2-д “Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинде коррупциянын келип чыгуу тобокелдиги бар учурлардын жана кырдаалдардын тизмегин бекитүү жөнүндө” буйругу күчүн жоготту деп таанылсын.

6. Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин иш кагаздарын жүргүзүү бөлүмү Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлигинин түзүмдүк жана ведомстволук бөлүмдөрүнүн жетекчилерине ушул буйрукту жеткирсин.

7. Ушул буйруктун аткарылышын контролдоону өзүмө калтырам.

8. Ушул буйрук расмий жарыяланган күндөн тартып жети күн өткөндөн кийин күчүнө кирет.

**Министр**                **Н.А. Кутнаева**

Кыргыз Республикасынын Санариптик өнүктүрүү министрлиги * Министерство цифрового развития Кыргызской Республики
Документ жүгүртүү жана контролдоо бөлүмү
Отдел документооборота и контроля